Мышык менен Күчүк.
Сүрөт тартуу жана кооздоо

Авторлор жана иллюстраторлор: Эльке жана Рене Лейсинк

Которгон жана адаптациялаган: Ысмайыл Кадыров

Мышык менен Күчүк.
Сүрөт тартуу жана кооздоо

Авторлор жана иллюстраторлор:
Эльке жана Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган: Ысмайыл Кадыров

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution-NonCommercial-ShareAlike 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by-nc-sa/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно албайсыз. Бул чыгарманы адаптациялап жана толуктоолорду киргизсеңиз болот, бирок өзүңүздүн вариантты ушул же ушул сыяктуу лицензия боюнча гана тарката аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

-9- Cat and Dog: Draw and Colour, Copyright © 2020, SIL-PNG түп нусканын негизинде. CC BY-NC-SA 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Мышык менен Күчүк Сүрөт тартуу жана кооздоо" (кыргыз тилинде), Ысмайыл Кадыров тарабынан которулуп адаптацияланган. Cat and Dog Draw and Colour (англисче) чыгарманын негизинде, автору Elke жана Renй Leisink, сүрөтчүсү Elke жана Renй Leisink. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://oer2go.org/mods/en-catdogbooks/EN/08Cat&Dogdrawandcolour.pdf

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Бул Мышык.



Бул Күчүк.

Мышык менен Күчүк сүрөт тартканды жакшы көрүшөт.

Мышык менен Күчүк кооздоп боёгонду каалашат.

Мышык менен Күчүк көркөм сүрөт жараткысы келет.



Күчүк ишти баштады. Ал калем жана кагаз алды. Кагаз төрт бурчтуу.



Алгач Күчүк сүйрү нерсени чийди.

Сүйрү – бул Мышыктын тулкусу.

Ой-бо-ой, бул опоңой эле турбайбы!

Андан кийин ал сүйрүнүн чокусуна эки үч бурчтук тартты.

Эки үч бурчтук – Мышыктын кулактары.

Сүйрүнүн ичине кара үч бурчтук чийди.

Кара үч бурчтук – бул Мышыктын тумшугу.

Тумшугунун үстүн туура сызып койду.



Эми ал Мышыктын көздөрүн жана каштарын тартат.

Көздөрү – эки чекит.

Каштары – эки иймек сызык.

Ой-бо-ой, бул опоңой эле турбайбы!



Андан кийин Мышыктын оозун тартты.

Ооз – ийри сызык. Ал “W” тамгасына окшош.

Эми ал Мышыктын мурутун тартат. Сол жагына үч кыл тартты. Оң жагына үч кыл тартты.



Сүрөт бүткөнү калды.

Ал Мышыктын арткы буттарын, анан алдыңкы буттарын тартат. Арткы буттары жана алдыңкы буттары – ийри сызыктар.

Эми ал Мышыктын манжаларын тартат. Тамандары – тегеректер.

Эми Мышыктын куйругун тартат. Куйругу узун.

Акырында Мышыктын денесине бир нече тилке тартат. Тулкусун кызгылт-сары түс менен боёйт.

Сүрөт бүттү.

Ой-бо-ой, кандай гана сонун болду!

Эми кезек Мышыкка келди.
Ал калем жана кагаз алды.
Кагаз – бул тик бурчтук.



Эң биринчи Мышык сүйрү нерсени чийди.
Сүйрү – бул Күчүктүн тулкусу.
Ой-бо-ой, эң сонун болду!

Андан кийин сүйрүнүн чокусуна эки кара фигура тартты.
Алар Күчүктүн кулактары.

Эми сүйрүнүн ичине кара тегерек чийди.
Кара тегерек – бул Күчүктүн тумшугу.
Тумшугунун үстүн туура сызып койду.

Эми Күчүктүн көздөрүн жана каштарын тартты.

Көздөрү – эки чекит. Каштары – эки иймек сызык.

Ой-бо-ой, сонун болду!

Андан кийин Күчүктүн оозун тартты.

Ооз – бул ийри сызык.

Ал дагы “W” тамгасына окшошту.

Эми Күчүктүн оозунун тегерегине чекиттерди тартты. Сол жагына үчтү тартты.Оң жагына үчтү тартты.

Сүрөт бүткөнү калды.

Эми ал Күчүктүн алдыңкы буттарын жана арткы буттарын тартат.



Алдыңкы буттары жана арткы буттары – ийри сызыктар.

Күчүктүн буттарын тартты. Тамандары – тегеректер.

Эми Күчүктүн куйругун тартты. Куйрук гүлгө окшош.

Акырында Күчүктүн денесине бир нече кара темгилдерди тартты. Күчүктүн тулкусун сары түскө боёду. Эми сүрөт бүттү.

Ой-бо-ой, кандай гана сонун болду!



Карагылачы! Бул Мышыктын сүрөтү.

Карагылачы! Бул Күчүктүн сүрөтү.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор жана иллюстраторлор: Эльке жана Рене Лейсинк
Которгон жана адаптациялаган: Ысмайыл Кадыров

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли